**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын**

**кезектеги IV сессиясынын**

**№I Токтому**

Папан айылы 24-январь 2025-жыл

**Папан айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы 1 жылдык отчету ички жана сырткы инвестициялардын тартылышы жөнүндө**

Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын IV сессиясында Папан айыл аймагынын айыл өкмөт башчысынын 2024-жылдагы 1 жылдык отчетун угуп жана талкуулап, Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Токтосуновдун айыл өкмөттөгү аткарган жумуштарын карап жана угуп, айыл өкмөт башчысынын 1 жылдык отчету канааттандырарлык эмес деп табылсын.

2. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнө ички жана сырткы инвестициялардын таратылышын жана жаңы жумуш орундары 2025-жылга карата айыл өкмөттүн стратегиялык планын жакшы жолго коюу жагы, көмүр кендерден айыл өкмөткө берилген социалдык пакеттеги көмүрлөрдү көзөмөлгө алуу айыл өкмөт башчысы Т. Токтосуновго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду көзөмөлдөө Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет жана инвестиция, социалдык коргоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Папан айыл аймагынын айылдык**

**кеңешинин төрагасы** **М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги IV сессиясынын**

**№II Токтому**

Папан айылы 24-январь 2025-жыл

**“2025-жылдын бюджетин бекитүү жөнүндө”**

2024-жылга карата бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн бекитүү маселесин айылдык кеңештин бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиясында каралып, алардын корутундусунун негизинде жана Папан айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн билдирүүсүн угуп, талкуулап Папан айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Токтосуновдун отчетун угуп, 2024-жылдын жергиликтүү бюджетинин кирешелери 65562,8 миң сомго чыгашалары 46006,6миң сомго аткарылгандыгы кабыл алынсын.

2. 2025-жылга карата Папан айыл өкмөтүнүн бюджетинин кирешелери жана чыгашалары 44880,5миң сомго бекитилсин.

3. Анын ичинен Аппарат бөлүмүнө -16438,3 миң сом, Айылдык кеңеш -715,0 миң сом, Айыл чарбасына -250,0 миң сом, Жайыт комитетине -700,0 миң сом, Турак жай бөлүмүнө -13102,6 миң сом, Библиатекага -596,5 миң сом, Маданият үйүнө -738,6 миң сом, Маданий иш чараларга 600,0 миң сом, Бала бакчага - 1600,0 миң сом, Билим берүүгө - 5129,5 миң сом, Социалдык камсыздоого -1500,0 миң сом

4. Атайын каражатынын кирешелер жана чыгашалары 3510 ,0 миң сомго бекитилсин.

5. Аппарат кызматкерлеринин жалпы – 15 штаттык бирдиги каралсын: анын ичинен башкаруу аппараты -11, техникалык тейлөө кызматкери - 4 кызматтагы штат бирдиги жана контракттык негизде 10 айыл башчы, 6 кызматкер бекитилсин жана каржылоо жүргүзүлсүн
6. Кара-Гур, Кожо-Келен айылдарынын айыл башчыларына бийик тоолуу аймакка киргендигине байланыштуу эмгек акысына 1,4 коэффициент төлөнсүн(КР Өкмөтүнүн №258 токтому)

7. 2025-жыл ичинде сметага жана толуктоолорду киргизүү айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

8. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин финансы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Папан айыл аймагынын айылдык**

**кеңешинин төрагасы М.Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги IV сессиясынын**

**№III Токтому**

Папан айылы 24-январь 2025-жыл

**"Кара-Суу 11-90" муниципалдык ишканасын түзүүгө тең уюштуруучу болууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген "Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө" Жобону жетекчиликке алып, Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтү "Кара-Суу 11-90" муниципалдык ишканасын түзүүгө тең уюштуруучу болуп катышууга макулдук берилсин.

2. "Кара-Суу 11-90" муниципалдык ишканасын баштапкы уставтык капиталын түзүүгө жергиликтүү бюджеттеги 2025-жылдын башына калган бош акча каражаттарынын эсебинен 300 000 (үч жүз) миң сом каражаты бөлүнүп берилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын Папан айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Токтосуновго милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарба, инвестиция, ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы М.Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги IV сессиясынын**

**№IV Токтому**

Папан айылы 24-январь 2025-жыл

**Турак жай мүлк салыгын эсептөө ставкасын бекитүү жөнүндө**

Папан айыл аймаганын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги IV сессиясында Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигине караштуу мамлекеттик салык кызматынын 2024-жылдын 27-декабрындагы билдирүүсүнө ылайык, Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин алдындагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестициялар туруктуу комиссиясынын 22.01.2025-жылдагы корутундусун жана протоколуна ылайык, Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Турак жай мүлк салыгын эсептөө ставкасы Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарынын негизинде 25,16 сом болуп бекитилсин.

2. Бул токтом каттоого алынып, ушул токтомдун аткарылышын Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Токтосуновго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестициялар, долбоорлор менен иштөө, ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Папан айыл аймагынын айылдык**

**кеңешинин төрагасы М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги IV сессиясынын**

**№V Токтому**

Папан айылы 24-январь 2025-жыл

**Таш-Короо участкасындагы 2024-жылы трансформация болгон жерди жарандарга тартып берүү жөнүндө**

Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 14-январдагы №01-19/23 сандуу катын карап, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 3-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык жана Жер Кодексинин 18-беренесинин негизинде Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Таш-Короо участкасындагы 2024-жылы генпланда 0,06 га болуп трансформация болгон 182-197-контрундагы кайрак айдоо жерди, жерге кезекке турган Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү жарандардын арызы көптүгүнө байланыштуу башкы планга 0,04 га дан бөлүп, генплан кайрадан түзүлүп, жерге муктаж болгон Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жарандарына бөлүнүп берилсин.

2. Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин бул токтомун ишке ашыруу айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө агрардык саясат, айыл чарба, жайыттар, жер, курулуш иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Папан айыл аймагынын айылдык**

**кеңешинин төрагасы: М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын**

**кезектеги IV сессиясынын**

**№VI Токтому**

Папан айылы 24.01.2025-жыл

**Биргелешкен мониторинг жана баалоо**

**тобун бекитүү жөнүндө**

Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр маалыматтын ачыктыгын жана жалпыга жеткиликтүүлүгүн арттыруу, жарандарга жана юридикалык жактарга муниципалдык башкаруу жөнүндө "КРнын мыйзамынын " "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө" КРнын мыйзамынын КРнын Өкмөтүнүн кызмат көрсөтүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларынын негизинде, ошондой эле жергиликтүү коомчулуктун Уставын жетекчиликке алуу менен USAID дин "Ийгиликтүү аймак 2" долбоорунун алкагында 2024-жылдын 22-июлдагы айыл өкмөттүн башчысынын №21 буйругу менен кабыл алынган, Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-2025-жылдарга кызматтарды жакшыртуу планында белгиленген кызматтардын аткарылуусуна баа берүү жана көзөмөлдөө жүргүзүү үчүн Биргелешкен Мониторинг жана баалоо тобунун курамын бекитүү.

1. Биргелешкен Мониторинг жана баалоо тобу (мындан ары БМ жана Б тобу) төмөнкү курамында бекитилсин.

1 Калыков Нурлан – айылдык кеңештин катчысы, БМ жана Б тобунун төрагасы.

2 Авазова Айгүл - айылдык кеңештин депутаты.

3 Тапаева Жарнадкан - китепканачы.

4 Биймурзаева Адалат - соц кызматкер.

5 Тагаев Төрөгелди - айылдык кеңештин депутаты

6 Калмуратов Мамбет - айылдык кеңештин депутаты

7 Агзамова Айчүрөк - айылдык кеңештин депутаты

2. Жогоруда түзүлгөн БМ жана Б тобуна ар бир аткарылып жаткан иштерге көзөмөл жүргүзүп берүү жагы тапшырылсын.

**Папан айыл аймагынын айылдык**

**кеңешинин төрагасы:** **М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын**

**кезектеги IV сессиясынын**

**№VII Токтому**

Папан айылы 24.01.2025-жыл

**Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу**
**Кара-Сөгөт участкасындагы жер участогун**
**которуу (трансформациялоо) жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү" мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү токтому менен бектилген жобонун талаптарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесин негизинде Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Сөгөт участкасынын №302а-контурда жайгашкан 0,13 га эски мечиттин орду, жайыт жери "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштун жерлери" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Сөгөт участкасынын №302а-контурда жайгашкан 0,13 га эски мечиттин орду, жайыт жери "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштун жерлери" категориясына которууга (трансформациялоого), Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 4-беренесине ылайык Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынан чечим чыгарып берүү жагы суралсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Токтосуновго милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзмөлдөө жагы Папан айыл аймагынын айылдык кенешинин жер архитектура,курулуш, экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Папан айыл аймагынын айылдык**

**кеңешинин төрагасы**: **М.Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын  айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз V сессиясынын**

# №I Токтому

Папан айылы 11.02.2025

**“2025-жылдагы 1-январына карата калган каражаттарды бекитүү жөнүндө”**

2025-жылга карата калган каражаттарды бекитүү маселесин айылдык кеңештин бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиясында каралып, талкуулап Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. 2025-жылга карата пайдаланылбай 24788,0 миң сом акча каражатынын чыгаша бөлүгү: Аппарат бөлүмүнө -1147,0 миң сом, Жайыт комитетине-55,6 миң сом, Турак жай бөлүмүнө-11984,3 миң сом, Маданият үйүнө-10000,0 миң сом, Бала бакчага-697,7 миң сом Билим берүүгө 903,4 миң сом, ошондой эле атайын акча каражаттын эсебинен 2900,0 миң сом акча каражаттын чыгаша бөлүгү 70629-турак жай бөлүмүнө 1900,0 сом, 70911-Бала бакча бөлүмүнө 1000,0 миң сом айыл өкмөтү тарабынан түзүлгөн сметага ылайык чыгымдоо үчүн бекитилсин.

2. 2025-жыл ичинде сметага жана толуктоолорду киргизүү айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин финансы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Папан айыл аймагынын айылдык**

**кеңешинин төрагасы:** **М.Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз V сессиясынын**

# №II Токтому

Папан айылы 11.02.2025

**Папан айыл аймагынан айылдык**

**кеңешинин 2025-жылга түзүлгөн**

**иш планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү” мыйзамына жана Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин регламентине ылайык, Папан айыл аймагынынын айылдык кеңешинин 2025-жылга түзүлгөн иш планын VIII чакырылышынын кезексиз V сессиясында карап жана талкуулап Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын 2025-жылга карата түзүлгөн иш планы жана массалык уюштуруу иштери бекитилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин туруктуу комиссиясынын төрага, төрайымдарына милдеттендирилсин.

**Папан айыл аймагынын айылдык**

**кеңешинин төрагасы: М.Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз V сессиясынын**

# №III Токтому

Папан айылы 11.02.2025-ж

**Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Арал айылына “айыл” статусун алууга макулдук берүү жөнүндө**

Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын V сессиясында Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын 07.02.2025-жылдагы №01-19/57-1 сандуу катынын негизинде Арал айылына статусун алууга макулдук берүү боюнча карап чыгып, Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын Арал айылына “айыл” статусун алууга макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Токтосуновго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин агрардык саясат, айыл чарба, жайыттар, жер, курулуш иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Папан айыл аймагынын айылдык**

**кеңешинин төрагасы: М.Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIIIчакырылышынын**
**кезексиз V сессиясынын**

## №IVТоктому

Папан айылы 11.02.2025-ж

**Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу**
**Папан айылында муниципалдык менчиктеги жер**
**тилкесин бөлүп берүү жөнүндө**

Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын V сессиясында Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 07.02.2025-жылдагы №01-19/57-1 сандуу катынын негизинде Папан айыл аймагына караштуу Папан айылынын М. Абдурасулов көчөсүнүн түштүк тарабында жайгашкан муниципалдык менчиктеги 360,0 чарчы метр жер тилкесине Папан айыл аймактык милиция бөлүмчөсүнө имарат курууга Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 13-беренеси жана 32-беренесинин негизинде Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1 Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Папан айылынын М. Абдурасулов атындагы көчөсүнүн түштүк тарабында жайгашкан муниципалдык менчиктеги 360,0 чарчы метр жер тилкесине Папан айыл аймагынын аймактык милиция бөлүмчөсүнө имарат куруу үчүн мөөнөтсүз Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмүнө өткөрүп берүүгө макулдук берилсин

2 Тиешелүү архитектуралык иш кагаздарын даярдап берүү жагы Кара-Суу райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгынан суралсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Токтосуновго милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жер архитектура,курулуш, экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Папан айыл аймагынын айылдык**

**кеңешинин төрагасы: М.Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз V сессиясынын**

**№V Токтому**

Папан айылы 11.02.2025-ж

**Көчөгө ысым ыйгаруу жөнүндө.**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши күн тартибиндеги маселелерди карап жана талкуулап чыгып**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтому менен бекитилген, Кыргыз Респуликасынын Өкмөтүнүн алдындагы администрациялык аймактык түзүлүштүн маселелерин жана географиялык аталыштарын кароо боюнча ведомостволор аралык комиссия жөнүндө Жобонун талаптарына ылайык Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз V сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 29-августундагы №488, Кыргыз Респуликасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 29-декабрдагы №535 токтомдорунун редакцияларына ылайык, Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү Бөрү айылындагы Жаңы-Айыл участкасындагы ички көчөлөрүндөгү 2-көчөсүнө маркум согуш ардагери Исмаилов Токтосундун ысымын берүүгө макулдук берилсин жана айыл жашоочуларынын протоколу бекитилсин.

2. Бөрү айылындагы Жаңы-Айыл участкасындагы 2-көчөсүндөгү маркум согуш ардагери Исмаилов Токтосундун үй- бүлөө мүчөлөрүнө ушул көчөнүн ар кандай социалдык маселелерин(жол тегиздөө, жарыктык орнотуу,электр мамычаларын орнотуу,ж.б) чечүүгө түздөн түз катышуу зарылчылыгы жеткирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

4. Бул токтомду көзөмөлдөө жагы Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жер, архитектура жана курулуш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Папан айыл аймагынын айылдык**

**кеңешинин төрагасы: М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз V сессиясынын**

**№VI Токтому**

Папан айылы 11.02.2025-ж

**Көчөгө ысым ыйгаруу жөнүндө.**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши күн тартибиндеги маселелерди карап жана талкуулап чыгып**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтому менен бекитилген, Кыргыз Респуликасынын Өкмөтүнүн алдындагы администрациялык аймактык түзүлүштүн маселелерин жана географиялык аталыштарын кароо боюнча ведомостволор аралык комиссия жөнүндө Жобонун талаптарына ылайык Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз V сессиясы **токтом кылат:**

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 29-августундагы №488, Кыргыз Респуликасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 29-декабрдагы №535 токтомдорунун редакцияларына ылайык, Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү Ак-Терек айылындагы ички көчөлөрүндөгү 1-көчөсүнө маркум Бердалиев Аваздын ысымын берүүгө макулдук берилсин жана айыл жашоочуларынын протоколу бекитилсин.

6. Ак-Терек айылындагы 1-көчөсүндөгү маркум Бердалиев Аваздын үй- бүлөө мүчөлөрүнө ушул көчөнүн ар кандай социалдык маселелерин(жол тегиздөө, жарыктык орнотуу,электр мамычаларын орнотуу,ж.б) чечүүгө түздөн түз катышуу зарылчылыгы жеткирилсин.

7. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

8. Бул токтомду көзөмөлдөө жагы Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жер, архитектура жана курулуш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Папан айыл аймагынын айылдык**
**кеңешинин төрагасы: М. Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIIIчакырылышынын кезексиз V сессиясынын**

# №VII Токтому

Папан айылы 11.02.2025-ж

**Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу жер участогун котоpуу (трансформациялоо) жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү" мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү" токтому менен бекитилген жобонун талаптарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесин негизинде Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

2. Папан айыл аймагынын Папан суу сактагычынын түндүк тарабында жайгашкан №653-662-контурундагы 2,51 га жайыт жерине "Папан кичи ГЭСин" куруу максатында мамлекеттик менчикке алууга жана "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын , транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

3. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Папан суу сактагычынын түндүк тарабындагы №253-262-контурда жайгашкан 2,51 га жайыт жерине "Папан кичи ГЭСин" куруу үчүн мамлекеттик менчикке алууга жана "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын , транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (трансформациялоого), Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 4-беренесине ылайык Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынан чечим чыгарып берүү жагы суралсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Токтосуновго милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жер архитектура,курулуш, экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Папан айыл аймагынын айылдык**
**кеңешинин төрагасы: М.Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз V сессиясынын**

**№ VIII ТОКТОМУ**

**Папан айылы** **11. 02 .2025-жыл**

**Папан айыл өкмөтүнүн,жайыт пайдалануучулар коомдук бирикмесинин 2024-жылдагы аткарган иштерин карап Папан муницпалдык ишканасынын, жайыттар боюнча 2025-жылга карата иш планын, аткарыла турган бюджетин бекитүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселелерди карап жана талкуулап, Папан муниципалдык ишканасынын жайыттар боюнча иш кагаздарын карап чыгып, Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл өкмөтүнүн, ЖПКБ нин 2024-жылда аткарган иштери канааттандырарлык деп табылсын

2. Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу ыйгарымын өткөрүп берүү боюнча айыл өкмөтү менен муниципалдык ишкана ортосундагы келишим бекитилсин.

3. Муниципалдык ишкананын жайыттар боюнча жылдык планы 700 (жети жүз миң) сом болуп белгиленсин.

4. Муниципалдык ишкананын жайыттар боюнча ишмердүүлүгүнүн ички эрежелери бекитилсин.

5. Муниципалдык ишкананын жайыттар боюнча төлөмүнүн өлчөмү төмөндөгүдөй белгиленсин:

- Бодо мал жана жылкыга бир айга 40 (кырк) сом сезонга 200 (эки жүз) сом, майда жандык (кой эчкилерге) **б**ир айга 8 (сегиз) сом сезонго 40 (кырк) сом, башка айыл өкмөтүнөн келген мал жандыкка эки барабар төлөм төлөнсүн.
- Жайытты мал жаюуга байланышпаган,башка максаттарга пайдаланууга 1 га жайыт жери үчүн жылына 2000 (эки миң) сом.
- Жайытты мал жаюуга байланышпаган башка максаттарга коммерциялык багытта пайдаланууга (Туризм жана башка багыттарда) 1 га жайыт жери үчүн жылына 20 000 (жыйырма миң) сом белгиленсин жана башка айыл аймактын жашоочуларына эки барабар жайыт төлөм төлөнсүн.

6. Ушул токтомдун аткарылышын муниципалдык ишкананын жетекчиси Р.Т.Матазимовго жүктөлсүн.

7. Көзөмөлдөө жагын Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Токтосуновго милдеттендирилсин.

**Папан айыл аймагынын айылдык**
**кеңешининин төрагасы: М.Мырзабеков**

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз V сессиясынын**
**№IX ТОКТОМУ**

Папан айылы 11.02.2025

**Папан айыл аймагындагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы балдардын тамак-ашы үчүн төлөмүн бекитүү жөнүндө**

Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 токтомуна ылайык жана ата-энелердин чогулушунун протоколунун негизинде карап чыгып жана талкуулап Папан айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Папан айыл аймагынын айыл өкмөтүндөгү Ибадат Мырзабекова атындагы мектепке чейинки билим берүү уюмунун жана №91 Эргеш Алыкулов атындагы билим берүү комплексинин балдарга берилүүчү тамак-ашка болгон төлөмүнүн баасы 1300 (бир миң уч жүз сомго) бекитилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин спорт иштери, спорт, маданият, билим берүү, социалдык маселелер боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Папан айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы** **М.Мырзабеков**